DOI: 10.33942/sit1601 УДК 378.14.015.62

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ПОДГОТОВКИ БУДУЩИХ СПЕЦИАЛИСТОВ

**Абдыбекова Н.А., Добаев К.Д.**
*КГАФКиС, КАО, г. Бишкек*

***Аннотация.*** *В данной статье рассматриваются результаты проведенного эксперимента на занятиях английского языка. Предметно-языковое интегрированное обучение CLIL внедрен в процесс обучения английскому языку. Обсуждается интегрированное занятие со студентами экспериментальной группы. Педагогические условия формирования речевой деятельности разработана на основе компетентностного подхода.*
***Ключевые слова:*** *речевая деятельность, английский язык, профессионально-ориентированное обучение, эксперимент.*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS OF THE PREPARATION FUTURE SPECIALISTS

**Abdybekova N.A., Dobaev K.D.**
*KSAPHEaS, KAE, Bishkek c.*

***Abstract:*** *The article considers results of pedagogical experiment at the English lessons. Language-based integrated learning CLIL is being introduced into the process of teaching English. The integrated lesson with students of the experimental group is discussed. The pedagogical conditions of formation students' speech activity skills based on competence way.*
***Keywords:*** *speech activity, English, vocational-oriented teaching, experiment.*

# БОЛОЧОК АДИСТЕРДИ КЕСИПТИК ЖАКТАН ДАЯРДООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

**Абдыбекова Н.А., Добаев К.Д.**
*КМДТжСА, КББА, Бишкек ш.*

***Корутунду:*** *Макалада педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары каралат. Предметтик-тил үйрөтүүчү интеграцияланган CLIL окутуу окуу процессине жайылтылган. Интеграцияланган сабактар эксперименталдык тайпанын студенттери менен жүргүзүлгөн. Кеп ишмердүүлүгүндө педагогикалык шарттары компетенттүүлүктүн негизинде каралат*
***Негизги сөздөр****: сүйлөө кеби, англис тили, интегративтүү окутуу.*

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө атайын адистештирилген жогорку окуу жайларынын факультеттеринде болочок дене тарбия адистерин даярдоого багытталган билим берүү сабактары, аудиториядан тышкаркы окуу-тарбия берүү иш чаралары, тилекке каршы, кесиптик даярдоонун бирдиктүү педагогикалык системанын жоктугу, дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүү педагогикалык шарттарын, предмет аралык байланыштарын түзүүнүн негизинде жүргүзүлбөгөндүгү, сабактардын адистигине байланыштырып уюштурулуп, технологиялардын жетиштирүү иштелип чыкпагандыгы диссертациялык иштин темасын актуалдыштырат. Ушул себептен дене тарбия адистеринин англис тили боюнча билимдери жана кеп ишмердүүлүгү түрлөрү төмөн болуп, алардын кесиптик ишмердигинде, эл аралык мелдештерде тоскоолдуктарды жаратып, адистердин

мүмкүнчүлүктөрүн кескин төмөндөтүүдө. Ушул себептен диссертациялык ишти билим берүүнүн жана дене тарбия адистерин даярдоонун сапаттуулугун жогорулатууга багытталган актуалдуу темага арналган.

**Изилдөөнүн обьектиси:** англис тили сабагында дене тарбия багытындагы адистерди даярдоодогу билим берүү процесси.

**Изилдөөнүн предмети*:*** дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тили боюнча кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн максаты:** англис тили сабагында дене тарбия багытында окуган студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын илимий-теориялык жактан негиздөө жана алардын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу тастыктоо.

Изилдөөдө илимий-педагогикалык жана илимий-методикалык адабияттарды талдоо; сурамжылоо методу: аңгемелешүү, анкета жүргүзүү, интервью алуу; педагогикалык тестирлөө, моделдештирүү жана педагогикалык эксперимент **изилдөө методдору** колдонулду.

Научная организация обучения строится с использованием современных методов и технологий [3, 104 с].

Based on the above-mentioned pedagogical conditions and pedagogical experiments to formulate the speech activities of the students have developed technology to focus on English language classes and vocational training. Figure 1 students mentioned activities the formation of an effective new CLIL – *Content and Language Integrated Learning*, İNSERT, "Multiple intelligences", exercises and tutorial system we were able to verify that. Conditions for whom they are mainly focused on teaching, teaching through the integrated classes [1, 244p].

Биздин изилдөөдө англис тилин окутуунун предметтик тил комплекстүү окутуу методикасы CLIL менен бирге “Multiple intelligences” теориясын системалуу түрдө колдонулду. 1983-жылы адамдын акыл-эс ителлектин жана жөндөмдүүлүгүн текшерүү максатында Гарвард университетинин профессору Dr. Howard Gardner тарабынан “Multiple intelligences” теориясы иштелип чыккан. Окумуштуу Х.Гарднердин изилдөөсүндө “Multiple intelligences” - көп багыттуу адамдын ар нерсеге болгон 8 шыгы туралуу теориясы.

«Сүйлөө кебин калыптандыруунун негизи дидактикалык принциптери: жеткиликтүүлүк; жөнөкөйдөн татаалга; системалуу- лук жана ырааттуулук; теория менен практиканын байланышы; көрсөтмөлүүлүк принциптери сунуш- талды» [2, с. 13].

Калыптандыруучу педагогикалык эсперимент учурунда ***он беш коммуникативдик көнүгүүлөр системасы:***

- кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүчү;
- грамматикалык жөндөмүн;
- сөз байлыгын;
- ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү, дароо жооп табуучу акыл-эс көнүгүүлөр студенттердин интеллектуалдык ой толгоосун өстүрүү максатында **кырдаалдык окутуу** аркылуу берилген.

Изилдөө процессинде дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшүүчү-үйрөтүүчү дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели түзүлдү (Модель 1).

Сынчыл ой жүгүртүп таанып билүүгө, салыштырууга, талдоого жана англис тилин чыгармачылык менен үйрөнүүгө көнүгүүлөр системасы мүмкүнчүлүк ачты. Диалог, монолог, көңүлдүү текст түзүү, фронталдык суроолорго жооп табуу, белгилүү спортсмендердин сырткы келбетин сүрөттөө, интервью алуу, ыр ырдоо, видео-аудио угузуу тапшырмалары менен индивидуалдуу иштөө, жуп менен, топ менен иштөө аркылуу практика жүзүндө тастыкталды.

Изилдөөнүн натыйжасында ***англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун моделин*** иштеп чыктык. Модель окуу процессин дене тарбия багытындагы студенттерди кесипке багыттап окутуу технологиясын уюштурууга көмөктөшүп, педагогикалык шарттар; сабактын түзүлүшүн; коммуникативдик көнүгүүлөр системасын камтып, окутуу коммуникативдик компетенциянын негизинде көрсөтүлдү.




*Модель 1. Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун модели.*

Модель коммуникативдүү компетенцияны; кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүчү; грамматикалык жөндөмүн өстүрүүчү; сөз байлыгын жана ой жүгүртүүсүн өстүрүүчү көнүгүүлөр системасын камтыйт. Изилдөөнүн натыйжасында англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ***модели*** иштелип чыкты. Кеп ишмердүүлүгүн өнүгүү моделинин коммуникативдик көнүгүүлөр системасынын түрлөрү, сабактын үлгүсү, кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү, окутуунун системалуу жолу коммуникативдүү компетенциянын негизинде көрсөтүлдү .

Изилдөөнүн предметине байланыштуу «педагогикалык шарттар» түшүнүгү талдоого алынып, ал педагогикалык процесстин процессуалдык компонентин түзүп тургандыгына басым жасалды. Педагогикалык шарттар изилдөө объектиси менен тыгыз байланышта. Биздин изилдөө максатыбыз изилдөөнүн объектик өзгөчөлүгүнөн чыгуу менен педагогикалык шарттарды аныктоого багытталган. Илимий адабияттарды, ЖОЖдордо орун алган тажрыйбаларды, педагогикалык технологияларды талдоолор дене тарбия багытындагы студенттерди англис тили сабагында кесиптик кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо мүмкүнчүлүгүн берди. Максатка ылайык жүргүзүлгөн изилдөөбүздүн натыйжасында төмөнкүдөй педагогикалык шарттар аныкталды: 1) студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу максатында коммуникативдүү мейкиндикти оптимизациялоо, билим алуу борборун уюштуруу; 2) дене тарбия багытында окуган студенттердин англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууга байланыштуу билим алуу мотивациясын камсыз кылуу максатында кесипке багыттап окутуунун интерактивдүү методдорун кеңири колдонуу; 3) чет тилинде кеп ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында окуу процессинде «Google classroom» технологиясын колдоно билүү; 4) англис тилинде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун негизги педагогикалык шарты катары студенттердин эне тилиндеги этнопедагогикалык каражаттарды кеңири колдонуу; 5) окуу процессинде предмет аралык байланышты камсыз кылуу, интеграцияланган сабактарды уюштуруу.

Билим берүүнүн мазмунун өркүндөтүүгө багытталган педагогикалык шарттарга таянуу менен студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүү жаңы *комплекстүү предметтик тил, адистикке багыттап окутуу* усулдары, программасы, модели, көнүгүүлөр системасы жана окуу куралы зарыл экендигин аныктай алдык. Алар негизинен «Инсанга багыттап окутуунун» педагогикалык шарттары интеграцияланган сабактарды өткөрүү жана аларды талдоо аркылуу ишке ашты. Кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу менен өстүрүүнүн жана англис тилине дене тарбия багытындагы студенттерди коммуникативдүү компетенцияларга үйрөтүүнүн максат-милдеттери, дидактикалык принциптери, критерийлери жана компоненттери, алардын илимий-теориялык жана методологиялык негиздери каралды [5, с.98].

КМДТжСАнын 324 студентине жана Кыргыз-Түрк Манас университетинин 125 студентине сурамжылоо жүргүзүлдү. Жалпы суроого жооп берген студенттердин саны – 449. Педагогикалык эксперименттин жыйынтыгында эксперименттик тайпа жылдын аягында кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүргөн. Студенттердин кесиптик билимдерге ээ болуу мотивдердин рангы таблица 1 түзүлдү.

Эксперименттик изилдөөгө КМДТжСАнын үч факультетинин окутуучулары тартылып**,** *эки жүз кырк алты* студент катышты: педагогика жана улуттук спорттун түрлөрү факультети (2012-2017); машыктыруучу факультети (2012-2014); аскерге чейинки даярдоо жана дене тарбия факультети (2012-2017).

*Таблица 1. – Студенттердин кесиптик билимдерге ээ болуу мотивдердин рангы*

| Сурамжылоонун жыйынтыгы (эксперименталдык топтун орточосу) | Ранг | Сурамжылоонун жыйынтыгы (текшерүү топтун орточосу) |
|---|---|---|
| Жогорку кесиптик мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу | 1 | Англис тилин интеграцияланган сабактар аркылуу үйрөнүү |
| Чет өлкөлөрдө эл аралык спорттук мелдештерге катышуу | 2 | Англис тилин үйрөнүүдө тайпа менен иштөө |
| Англис тилин интеграцияланган сабактар аркылуу үйрөнүү | 3 | Чет өлкөлөрдө эл аралык спорттук мелдештерге катышуу |
| Келечекте кесиптик ишмердүүлүккө даяр болуу | 4 | Жаңы коммуникациялык жөндөмдөргө ээ болуу |
| Сабактын жаңы формаларынын кызыктуу өтүлүшү | 5 | Жогорку кесиптик мүмкүнчүлүктөргө ээ болуу |
| Жаңы коммуникациялык жөндөмдөргө ээ болуу | 6 | Келечекте кесиптик ишмердүүлүккө даяр болуу |
| Англис тилин үйрөнүүдө тайпа менен иштөө | 7 | Сабактын жаңы формаларынын кызыктуу өтүлүшү |
| Англис тилин үйрөнүүдө өз алдынча иштөө | 8 | Англис тилин үйрөнүүдө тайпа менен иштөө |

Биз келечекте «Дене тарбия багытындагы студенттер үчүн англис тили сүйлөө кебин өстүрүү» аталышындагы окуу куралын, атайын кошумча окуу программасын адистиги тил эмес багыттагы жогорку окуу жайлардын факультеттерине жана машыктыруучуларды даярдоо билимин жогорулатуу курсатарына, англис тили дисциплинасын өтүп жаткан окутуучуларга коммуникативдик көнүгүүлөр системасы катары сунуштап, окуу планында орун алган мазмунуна кошумча саат бөлүп, колдонууга сунуштайт элек.

Көп тилдүүлүк, көп маданияттуулук шартында инсандын калыптануусуна жана анын социалдык жактан ыңгайлашуусуна чет тилдери чоң өбөлгө түзөт.

Англис тили дене тарбия адистерин даярдоодо коммуникативдик компетентүүлүгүн, баарлашуу маданиятын калыптандырууга таасирин тийгизет. Азыркы мезгилде Кыргызстанда кесиптик мобилдүүлүк көйгөйү биринчи орунга чыкты.

**Изилдөөнүн жыйынтыктыгы.** Жогорку жана атайын орто окуу жайларынын студенттеринин англис тили боюнча билимин терендетүүгө, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин жогорулатууга байланыштуу педагогикалык, психологиялык, филологиялык илимий булактары ар тараптан дыкат изилденип, талдоого алынган. Дене тарбия багытында окуган студенттердин кесипке багытталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери теориялык жактан аныкталган. Бул натыйжанын негизин билим берүү тармагына байланыштуу мамлекеттик нормативдик документтер, педагогикалык көп жылдык окутуучулук тажрыйбанын жыйынтыктары ынанымдуу далилденген.

Дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилиндеги кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык беш натыйжалуу шарттары аныкталган жана аларды ишке ашыруунун модели, технологиялары, формалары, методдору системалаштырылган, аларды колдонуунун натыйжалуу шарттары, жолдору иштелип

чыккан. Педагогикалык окуу жайларда жүргүзүлгөн сурамжылоонун, атайын темадагы аңгемелешүүнүн жыйынтыктарынын негизинде аныкталган.

Англис тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кесипке багыталган кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун техналогиясы, коммуникативдүүлүк компетентүүлүгүн жогорулатуу боюнча комуникативдүү көнүгүүлөр системасын камтыган окуу куралдары иштелип чыккан. «Дене тарбия багытындагы студенттердин англис тилинде сүйлөө кебин өстүрүү» аталышындагы окуу куралы жана 15 коммуникативдик көнүгүүлөр системасы түзүлүп, дене тарбия багытындагы факультеттерге арналган кесипке багыттап окутуунун технологиясы илимий жактан илимий-педагогикалык натыйжалардын практикада колдонулгандыгынын “ишке киргизүү актысы” күбөлөндүрөт.

Болочок дене тарбия багытындагы адистеринин англис тили сабагында алардын кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун эффективдүү педагогикалык шарттарын, уюштуруу жолдорун, натыйжалуу технологиясын колдонуу менен студенттердин студенттердин кесиптик жактан сапаттуу даярдалышы. Дене тарбия багытында окуган студенттердин кесиптик жактан сапаттуу даярдоого, англис тили боюнча алардын кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн калыптандырудагы колдонулган педагогикалык шарттардын, технологиялардын эффективдүүлүгү атайын уюштурулган педагогикалык процессте текшерилип, аныктоочу жана калыптандыруучу эксперименттер аркылуу изилденип, пайдалуулугу эксперименталдык жана текшерүүчү группалардын жыйынтыктарын салыштыруу менен далилденди.

## Литература


1. *Абдыбекова Н.А. Из истории преподавания английского языка в Кыргызстане [Текст] Абдыбекова, Н.А., Супатаева, Э.А. // Интегрированный подход в преподавании английского языка для неязыковых специальностей: мат. респ. научно-практ. конф. – Саранск, – 2016. – С. 247-247. – Режим доступа:* https://elibrary.ru/item.asp?id=32455314.
2. *Абдыбекова Н.А., Супатаева, Э.А. Новые образовательные технологии обучению английскому языку студентов спортивного профиля [Текст] / Э.А. Супатаева, Н.А. Абдыбекова // Вестник физкультуры и спорта. – Бишкек, 2017. – №3 (18). – С. 178-184 – Режим доступа:* https://www.elibrary.ru/item.asp?id=29896903.
3. *Абдыбекова Н.А. Англис тилин окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүнүн өстүрүү [Текст] / Н.А. Абдыбекова // Вестик физической культуры и спорта. – 2016. – №1 (13). – С.102-107. – Режим доступа:* https://elibrary.ru/item.asp?id=28407155.
4. *Абдыбекова Н.А. Формирование речевой деятельности студентов по направлению «физическая культура» через систему упражнений. Наука новые технологии и инновации. Выпуск № 9, 2015. - С.13-16. – Режим доступа:* https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25303832.
5. *Абдыбекова Н.А. Коммуникативные технологии формирования речевой деятельности студентов. В сборнике: Речевая коммуникация: междисциплинарное взаимодействие, проблемы и перспективы сборник материалов IV Международной научно-практической конференции. Главные редакторы Е.М. Сафронова, С.Г. Ярикова. – 2019. – С.97-107. – Режим доступа:* https://www.elibrary.ru/item.asp?id=41482749.